Hanns Seidel Stiftung

<u>1-чи слайд</u>

Ханнс Зайдель Фондунун административдик реформа боюнча диалог программасынын алкагындагы "Кыргызстан Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун алдында - Пандемия учурундагы шайлоо: Оң жана терс жактары" темасындагы тегерек стол.

2020-жылдын 22-сентябры

Бишкек, Park Hotel

<u>2-чи слайд</u>

Кыргызстанда парламенттик шайлоо 2020

Тегерек столдун катышуучуларына суроолор:

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан кабыл алынган чечимдер акыркы чечим болобу же каршы болгон Кыргызстандын саясий партиялары сотко кайрылууга укуктуубу?

2. Эмне үчүн Жогорку кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор бир күнгө коюлган жок?

3. Эмне үчүн парламентке талапкерлердин баардыгы партиянын тизмеси боюнча келип, кайсы бир шайлоо аймагынан талапкер болуп саналбайт, алар шайланган учурда жоопкерчиликтүү болушабы?

---

Доктор Макс Георг Майердин кириш сөзү, Ханнс Зайдель Фонду, Борбор Азия боюнча өкүлү:

Алга, Кыргызстан!

“Бүгүнкү парламенттик шайлоонун алдында биздин бизнес-ланчтын коноктору.

Мен сиздерди  Ханнс Зайдель Фондунун атынан чын жүрөктөн кош келиңиздер демекчимин.

Бул жолугушууну мурунку иш-чараларыбыздай онлайн режиминде эмес, катышуу менен уюштура алганыбызга салым кошкондордун баардыгына ыраазычылык билдирем.

Биринчиден, мен Коронавируска карабастан, парламенттик шайлоону өз убагында өткөрүү чечими туура болду деп айткым келет. Кыргыз парламентинин алтынчы чакырылыштагы депутаттары чарчап калышты деп ойлойм.

Шайлоону COVID-19 убагында өткөрүү өтө эр жүрөктүүлүк, бирок мен Кыргызстан шайлоону оор шарттарга карабастан мыкты жол менен өткөрөт деп ишенем (расмий тараптан даярдыктар көрүлүп жатат). Ошондой эле, азыр үгүт өнөктүгү учурунда бизге саясий партиялар элдин ден-соолугу үчүн жоопкерчиликти билерин көрсөтүштү. 2010-жылдын июнь айында жаңы конституция боюнча референдум өтө тобокелдүү жана татаал болгонун унутпашыбыз керек, айрыкча өлкөнүн түштүгүндө. Бирок, ошону менен бирге, кыйын кырдаалда кыргыздар жогорку деңгээлде иштөө жөндөмдүүлүгүн, ийкемдүүлүгүн жана чыгармачылыгын көрсөтүштү.

Шайлоодо колдонулган технология жагынан алганда, Кыргызстан биометрикалык маалыматты колдонуу жана урналар автоматтык түрдө окушу менен, дүйнө жүзү боюнча көптөгөн өлкөлөргө үлгү боло алат.

Бирок мен ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, алдыдагы шайлоого карата мен тараптан бир нече комментарий бергим келет:

1. Эмне үчүн улуттук парламентке шайлоону жана жергиликтүү кеңештерге шайлоону айкалыштырууга мүмкүн болгон жок? Шайлоочу үчүн пандемия болгон учурда, бул бир топ жеңилдик болоор эле, анын ден-соолукка болгон коркунучун төмөндөтмөк, БШКга  уюштуруу оңой болмок жана чыгашалар эки эсе  азыраак болмок - анткени биздин бюджетибиз  жана мамлекеттин ресурстары чектелүү. Европа өлкөлөрүндө мындай практика кеңири колдонулуп келет.

(Сураныч, Слайд No3 катары буга чейин БШКга жазган расмий катымды көрсөтүңүз, ал жоопсуз калган).

2. Эмне үчүн парламентке талапкерлердин баардыгы партиянын тизмеси боюнча келип, кайсы бир шайлоо аймагынан талапкер болуп саналбайт? Алар

шайланган ушул аймак үчүн жооп беришеби? Мен талапкерди түздөн-түз шайлоо системасын жактырам. Бул аны аймагы жана шайлоочулары менен тыгыз байланышта болууга мажбур кылат. Ошондой эле бул система саясий партиялардын региондордо бекемделишине өбөлгө түзөт. Эгерде саясий партиялардын лидерлери шайлоо учурунда гана активдүү болушса (партиялар шайлоо куралы катары колдонулса), анда алар өлкөнүн өнүгүшү үчүн чоң пайда алып келбейт.

3. Пандемия учурунда Кыргызстан үчүн почта аркылуу добуш берүүнү киргизүү пайдалуу болмок. Добуш берүү күнү катышууга шарттары жок шайлоочулар ушул шайманды колдонуп, шайлоо участкаларындагы адамдардын массалык чогулушун азайтса болот. Жок дегенде келечекте шайлоонун ушул альтернативасы жөнүндө ойлонуп көрөлү – мисалы Бишкек шаары пилоттук шайлоо аймагы катары каралса болот.

4. Борбордук шайлоо жана референдум комиссиясы тарабынан кабыл алынган чечимдер акыркы чечим болобу же каршы болгон Кыргызстандын саясий партиялары сотко кайрылууга укуктуубу? Саясий партиялар мындай укукка ээ болбошу керек деп ойлойм. Соттор шайлоонун демократиялык жүрүшүндө чечим кабыл алууга дайыма компетенттүү эмес, ошондой эле менин түшүнүгүмдө мыйзам тарабынан уруксат берилбейт. Мындай практиканы мен Европа биримдигине мүчө болгон 27 мамлекеттин биринен да таба алган жокмун. Эгерде саясий партиялар тарабынан каршы пикирлер болсо, жалпысынан парламентте бул боюнча чечим кабыл ала турган комиссия бар. Бирок бул маселени укуктук эксперттер талкуулашы мүмкүн.

Бул менин комментарийлерим.

Сиздерге жемиштүү талкуу каалайм!

Ден-соолугуңуздар чың болсун - пандемия жүрүп жаткан учурда гигиеналык эрежелерге көңүл буралы!

Рахмат!